**Бекитем**

**Директор: __________ Ж.М.Белекова**

**"01" 09 2022-ж.**

**Физика кабинетиндеги техникалык коопсуздук эрежелеринин сакталышы жөнүндөгү нускама**

1.1.Бул берилген нускамалардын сакталышы боюнча иштерди жүргүзүү физика сабагынан берген мугалимердин жоопкерчилигине коюулат.

1.2.Окуучуларга төмөнкү иштерди аткарууга тыюу салынат:

- Мугалимдин уруксатысыз приборлорду ордунан жылдырууга;
- Телефон жана башка күнүмдүк электр приборлордун зарядоо үчүн розеткаларга туташтырууга;
- Мугалимдин уруксаты жок интерактивүү панелди колдонууга;
- Лаборотoриялык бөлмөгө кирүүгө;

1.3.Сабактын башталышындагы окуучулардын милдеттери.

- Кабинетке мугалимдин уруксаты менен кирүү;
- Өзүнүн ордуна отуруу;
- Мугалимдин уруксатысыз электр жабдууларын күйгүзбөө;
- Зарыл учурда электр розеткаларын колдонууда этит болуу;

1.4.Сабактын жүрушүндө окуучуларга тыюу салынат:

- Нымдалган кол жана кийим менен иштөөгө
- Мугалимдин көрсөтмөсүнө сырткары иш аткарууга;
- Өз алдына электр жабдууларын колдонууга;
- Өз алдынча бузулган же иштен чыккан техниканы оңдоо

1.5.Сабак аяктагандагы окуучунун милдеттери

- Электр жабдууларын ток булагынан ажыратуу;
- Иштөө оундарын иретке келтирип,мугалимдин уруксатысыз чыгып кетпөө.

2.кооптуу учурлардын жаралышынан алдын алуу боюнча талаптар:

- Физика кабинетине баардык окуучулар техникалык коопсуздук боюнча атайын инструктаж менен таанышууга милдеттүү;
- Физика кабинетине окуучулар жүрум-турум эрежелерин,эмгек,эс алуу нормаларын,мугалимдин көрсөтмөлөрүн туура жана так сактоого тийиш.

- Кабинетте окуучуларга терс жана зыяндуу таасирин тийгизүүчү факторлор болбоосу керек м:өткөргүчтөрдүн ачык жерлери,курч жана өткүр буюмдар ж.б.)
- Кабинетте куучлар жаракат алса,өзүн жаман сезсе алгачкы медицианалык жардам көрсөтүү үчүн керектүү болгон медикаменттер менен толукталган медициналык аптечка болууга тийиш.
- Окуу кабинеттеги тазалык,окуучунун өздүк гигиенасы,класстын санитардык гигиеналык нормалары сакталышы зарыл.
- Кабинетте өрт коопсуздугунун эрежелери, өрт коопсуздугуна каршы өрт өчүргүч (огнетушитель)болуш керек.
- Лабароториялык иштерди аткарып жатканда кандайдыр бир жыт,үн жаркыроолор байкалса дароо мугалимге билдириш керек.
- Окуучулар арасында тартип бузуулуар болсо коопсуздук эрежелери туура,так аткарылбаса,плансыз карйа инструктаж өтүлүүсү зарыл.

**3.Физика кабинетинде коопту албалдардын таасир этишин болтурбоого же азайтууга карата төмөнкүдөй каражаттар болуусу шарт:**

- Мугалимдин санитардык гигиеналык жана техникалык коопсуздукту сактоого ылаык атайын кийимдердин болуусу;
- Физика кабинетинин аянттары 66мкв.лабаротория 15мкв.кем болбоосу;
- Физика кабинетинде суу түтүгү аркылуу муздак жана жылуу суунун болушу;
- Кабинеттерде техникалык коопсуздук ченемдеринин сакталышы боюнча катточу журналдардын болушу;
- Физика кабинетинде атечкалардын болушу.

**4.Физика кабинетиндеги (лабаротория) аптечкалардагы медикаменттердин тизмеси:**

1.Бинт;
2.Вата;
3.Медициналык кайчы;
4.3-5% түү (спирттелген) йод тундурмасы;
5.Күйүккө колдонулуучу мазь;
6.2% бор кислотасынын аралашмасы;
7.Нашатырдык спирт;
8.Бор вазелин;
9.Калий тузу;

Аптечка медициналык пунктун көзөмолүндө болот.


МЕХАНИКА
ЭЛЕКТРОДИНАМИКА